**Изденүүчү Мамытов Токтокучук Болотбековичтин 23.00.02 – “саясий институттар, процесстер жана технологиялар” адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдерине политологиялык анализ” деген темадагы диссертациясына расмий оппоненттин**

## ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий, жалпы мамлекеттик программалар (практиканын жана илимдин, техниканын өнүгүү талаптары) менен байланышы.**

Кыргыз коомунун жаңылануусундагы карама-каршылыктуу процесс республикадагы саясат менен диндин азыркы алака-катышын аныктайт. Бөтөнчөлүктүү көрүнүштөрдүн тутумдашуусу катары диний фундаментализм өзү да саясий процесске, мамлекеттик бийлик чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөрдүн динамикасына таасирин тийгизет. Диний фундаментализмдин саясий процесске белгилүү бир ирет жана маани-маңыз киргизүүчү, динге ишенүүчүлөрдүн саясий билимдеринин, идеяларынын, концепцияларынын, ынанымдарынын, салттарынын жана баалуулуктарынын, менталитетинин жана жамааттык түшүнүктөрүнүн, ошондой эле саясий иш-аракетинин үлгүлөрүнүн жыйындысы деп айтууга болот. Ислам фундаментализми бир жагынан, жалпы диний саясаттын бир бөлүгү катары, экинчи жагынан, динге ишенүүчүлөрдүн саясий мүнөздөмөлөрүнүн кандайдыр бир синтези катары кароого болот.

Негизинен ислам динамикалык түрдө өнүккөн диний тутум болуп эсептелет, анын алкагында – традиционализм, консерватизм, радикализм, реформизм, фундаментализм ж.б.у.с. ар кандай диний-саясий багыттарды бөлүп чыгарышкан. Ошол себептен XX кылымдын 70–80-жылдары көптөгөн илимпоздор ислам динин туткан дайындуу социалдык топтордун диний аң-сезимдеринин түзүлүшүнө жана социалдык-саясий процесстерге бул багыттардын таасир берүүчү талдоосуна өзгөчө көңүл бурулган. Жогоруда көрсөтүлгөн исламдын диний-саясий багыттары шарттуу болуп эсептелет, бирок ал ушул убакка чейин ислам саясий ой-жүгүртүү тарыхын окуп үйрөнүүдө колдонулуп жаткан методологиялык курал болуп калууда. Айрым азыркы саясат таануучулар фундаментализмди анын исламдагы традиционализм, консерватизм жана радикализм менен өз ара байланышын, жаңы мүнөздүү багыттарды эске алуу менен бул түшүнүктөрдү тиешелүү илимий усулдар аркылуу тактап жана аныкташы керек.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № ДК-36-20
« 12 » февр 20 21 ж

Өткөн кылымдын 90-жылдарынан тартып ислам фундаментализми көйгөйүнө цивилизациялуу көз караштан кароо, мамиле жасоо аракеттери көрүлө баштады. Цивилизациялык теориянын байланышында, байыркы салттардын башатына кайтууга умтулгандык деп аныкталган ислам фундаментализми, ислам дүйнөсүнүн «Батыштын цивилизациялык чакырыгына жооп аракети катары каралат». Ушул көрүнүштө ислам фундаментализми өзү менен өзү социалдык маданий кризис абалында ислам аныктыгын сактоодо базалык модель болуп эсептелет, ал батыш ааламдашуусуна альтернатива катары, ислам социумунун сакталып калуу стратегиясы катары чыгууда.

## 2. Диссертацияда жетишилген илимий жыйынтыктар.

Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий жана социалдык механизмдерине комплекстүү изилдөөнү жүргүзүүдө автор төмөндөгү тыянактарга келген:

**Тыянак 1.** Ислам фундаментализминин саясий жана социалдык феномен катары жалпы түшүнүгүнүн мааниси, маңызы аныкталып илимде жана илимий таанууда маанилүү көйгөйдү жаратат деген тыянак чыгарылган. Цивилизациялык теориянын контекстинде ислам фундаментализми жана диний саясий уюмдар учурдагы ислам дининин саясий жана социалдык тажрыйбасына кайтууга болгон, ислам дүйнөсүнүн диний идеологиясына кайрылып келүүгө жана Батыштын глобалдык чакырыктарына жооп кайтарууга болгон аракети катары каралган.

**Тыянак 2.** Идеологиянын олуттуу топтому болуп маңыздын категориясы саналат. Эгерде маңызы жок болсо, адамдар тобу белгилүү бир кырдаалдар жыйналган учурда деструктивдүү жолго түшөт. Адамдар жалган, бурмаланган жана сурогаттык баалуулуктарга жана анын ичинен ислам фундаменталисттик көз караштарга, идеяларга тартылып кеткени айдан ачык көрүнөт, себеби адамдар идеологиясыз, ой-жүгүртүүсүз, жашоо маңызы жок жашай алышпайт.

**Тыянак 3.** Ислам фундаментализми –салафизм жана ваххабизм агымдары аркылуу саясий-диний идеяларды колдонгон зомбулуксуз диний үгүт-насааттан тартып, глобалдык саясий зомбулуктуу, экстремизм жана терроризм саясий курал катары колдонгон чабуулдук жихадка чейинки жайылтылган саясий-практика катары көрүүгө болот.

**Тыянак 4.** Азыркы учурда республикада бул багыттагы терс көрүнүштөр: бийликтин алсыздыгы жана коррупциянын кеңири жайылышы, билим жана маданият деңгээлинин төмөндөшү, укуктук нигилизм, саясий

зомбулук. Албетте мындай көрүнүштөр диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин жаралышына, өнүп-өсүшүнө алып келет. Мындан тышкары экстремизм жана терроризм радикалдуу ислам фундаментализмдин саясий зомбулугунун саясий куралы катары колдонулат.

**Тыянак 5.** Ислам фундаментализминин туруктуу функциялары, алар: идентификациялоо, багыт алуу, жоболоштуруу, ыңгайлашуу, социалдашуу, интеграциялашуу, карым-катыш функциялары. Ушул функцияларды жүзөөгө ашырууда механизмдердин саясий процесстерге тийгизген таасиринин багыттары – жандануу жана жаратуу формасында изилденген.

Ислам фундментализминин саясий процесске таасир берүүдөгү саясий механизмдери: саясий – аксиологиялык, саясий – идеологиялык, саясий – укуктук.

**Тыянак 6.** Социалдык феномен катары фундаментализм адамдардын социалдык статустарына карабай аларды жаңы уюмдарга, топторго жана кыймылдарга диний идея жана практика аркылуу бириктирет жана уникалдуу социалдык механизмдердин бүтүндөй бир катмарын жаратат: ишендирүү (ынандыруу), акыл үйрөтүү жана тууроо сыяктуу социалдык механизмдер катары эсептелет.

Ислам фундаментализминин социалык механизмдери саясий процесске таасир берүүдө төмөнкү таасир берүү багыттарын аныктайт: уюштуруучулук, башкаруучулук, ресурстук.

Социалдык механизмдердин саясий процесске таасир берүүсүндө ошол эле учурда бул механизмдер фундаменталисттик менталдыктын калыптануусуна дагы толук таасирин тийгизет.

**Тыянак 7.** Экстремисттик, террористтик жана радикалдуу фундаменталисттик топтордун талдоосунун негизинде ишмердүүлүктүн үч негизги жүйөөсүн белгилеп кетсе болот. Биринчиден, культурологиялык жүйөө – булардын көз караштары боюнча, коомду мезгил-мезгили менен “беймаза кылып туруш керек”, баарынан жакшысы “кан төгүүнүн жардамы менен.” Экинчиден, рационалдуу жүйөө – алар тарабынан террордук саясий ишмердүүлүктүн натыйжалуу куралы катары түшүндүрүлөт. Үчүнчүдөн, идеологиялык жүйөө– экстремизм жана терроризм саясий процесстерди жөнгө салуучу саясий курал катары коомго таңууланат.

**Тыянак 8.** Диний фундаментализмдин жактоочуларынын өзгөчөлүктөрү жана алардын фундаменталисттик диний-саясий көз караштарынын калыптанышын изилдөөнү талап калат, себеби Борбордук Азияда фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдардын, топтордун жактоочуларынын көбөйүшүнүн себептеринин аныктоо зарыл. Көксөөсү суубагандыкты, тынчсызданууну, түйшүктүү эркиндиктен жана

жалгыздык сезимден көңүл калууну башынан өткөргөн адамдар фундаментализмге ыкташат.

**Тыянак 9.** Саясий зомбулук жана диний ишеним чырмалышкан кырдаалдар өзгөчө коркунуч туудурат. Баалуулук тутумундагы жана легитимдүүлүк ыкмаларындагы айырмачылыктар үчүн бир топ деңгээлде – динге негизделген терроризм, экстремизм жана радикалдуу ислам фундаментализм өзгөчө коркунучтуу жана кыргын салуучу болуп саналат. Диндин атынан чыккан терроризм жана экстремизм өзүнүн ишмердүүлүк чөйрөсү жана кол салуу объектини тандоосу менен гана эмес, ошондой эле кыргын салуучулугу жана түшүнүксүз мүнөзү менен теңдеши жок болуп эсептелет.

**Тыянак 10.** Кыргыз Республикасынан башка Борбор Азия республикаларында саясий стабилдүүлүк жана өнүгүү бар болгондуктан, коңшу мамлекеттер ислам фундаментализминин жана анын саясий куралы катары экстремизм жана терроризмдин өнүп өсүшүнө жана жайылуусуна жол бербей келишет. Ал эми биздин өлкөдө адамдардын бийликтен көңүлү калып, динден калкалоо жана жардам издөөдө. Азыркы терроризм, экстремизм жана радикалдуу фундаментализм – бул белгилүү бир өлчөмдө идеялык көрүнүш.

Ислам фундаментализми, экстремизм жана терроризм менен күрөшүү көйгөйлөрү улуттук жана эл аралык деңгээлде алардын аймактык жана глобалдуу коркунучуна каршы күрөшүү боюнча макулдашылган, көп тараптуу биргелешкен аракеттеринин зарылдыгы талап кылынат.

**3. Диссертациянын илимий практикалык маанисин ачууда изилдөөгө алынган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Мамытов Токтокүчүк Болотбековичтин “Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдерине политологиялык анализ” деген темадагы диссертациясындагы изилдөөлөрдүн натыйжалары, илимий-практикалык тыянактар жана жоболор Кыргыз Республикасынын кайрадан иштелип жаткан өнүгүү стратегиясында, диний радикализмге, экстремизмге жана терроризмге каршы аракет боюнча улуттук тутумдарда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук концепциясында жана башка документтерге байланыштуу концепцияларды, программаларды, мыйзамдарды жана башка документтерди иштеп чыгууда пайдаланылуусу мүмкүн.

Республиканын саясий илимдеринде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөө, анда ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге

таасир берүүдөгү саясий жана социалдык төмөндөгү механизмдери анализденген:

– социалдык-саясий феномен катары ислам фундаментализминин түшүнүгү, мааниси жана маңызы;

–ислам фундаментализми идеология жана саясий практика катары;

–ислам фундаментализминин агымдарынын жалпы жана өзгөчө аныктамалары аркылуу салафизм, вахабизм, жихадизм аттуу предметтик түшүнүктөрү;

–ислам фундаментализминин доктриналдык, уюштуруучулук жана саясий-идеялык булактары;

–ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүчү саясий механизмдери;

–ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүчү социалдык механизмдери;

–ислам фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдарынын жана топторунун Борбордук Азия аймагындагы орду жана таасирдүүлүгү жана алардын саясий ишмердүүлүктөрүнүн жигерденүүсүнө талдоо;

–динге негизделген экстремизм, терроризм жана радикалдуу фундаментализм азыркы дүйнөнүн өзгөчө коркунучтары катары;

–диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна болгон коркунучтарынын комплексинде алардын кооптуулугунун өрчүүсү талдоого алынган жана аларга каршы натыйжалуу күрөш жүргүзүү боюнча сунуштамалар аныкталып берилген.

## 4. Сунушталган жыйынтыктардын жаңылык деңгээли.

Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алынган төмөнкү илимий жыйынтыктар автор тарабынан ынанымдуу ырасталган:

-Ислам фундаментализминин социалдык - саясий феномени катары анын түшүнүгүнүн мааниси, маңызы саясий аспектиде комплекстүү тартпипте алгачкы жолу республикада изилденишин жаңылык деп баалоого болот.

-Идеология катары ислам фундаментализми модерн доорунда пайда болгон светтик жана диний ажырымды таанывагандыкты, жана диндин турмушта борбордук абалын кайтарып келүүнү камтыйт.

Өткөн доорго кайтуу жана келечекке умтулуу саясий зомбулуктун саясий куралдары катары экстремизм жана терроризм аркылуу иш жүзүнө ашырылат, бул изилдөөнү дагы бир жаңылык деп баалоого болот.

-Экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализм саясий зомбулуктун саясий куралы катары изилденген жана такталган.

-Диссертацияда талдоого алынган ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий - социалдык механизмдерин иликтөөгө алуу илимий иштин дагы бир жаңылыгы болуп саналат.

Бул иликтөөлөр диссертациялык деңгээлде мурун каралган эмес.

-Ислам фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдардын, топтордун Борбордук Азия аймагындагы орду жана таасири аныкталып, алардын саясий ишмердүүлүгүнүн жигердүүлүгүнө талдоо жүргүзүлгөн.

-Динге негизделген ислам фундаментализми, эктремизм жан терроризм азыркы дүйнөнүн өзгөчө коркунучу катары болгондуктан автордун бир катар практикалык сунуштарды берүүсү илимий иштин практикалык маанисин көтөрөт деп эсептөөгө болот.

-Экстремизм жана терроризм менен күрөшүүнүн мамлекеттик каражаттар арсеналына исламдын позитивдүү идеялык күч-кубатын киргизбей туруп, фундаменталисттердин таасирин биротоло жок кылууга мүмкүн эмес. Автордун бул эмгеги илимий материалдарга негизделген ынанымдуу далилдер менен коштолгон, өз алдынча жана жогорку илимий деңгээлде даярдалган диссертациялык иш деп эсептөөгө болот.

Авторефераттар кыргыз, орус жана англис тилинде түзүлгөн идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

Эгемендүү Кыргызстанда ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүдөгү социалдык – саясий механизмдерин ар тараптан иликтөөнү саясий аспектиде комплекстүү, системалык тартипте алгачкы жолу изилдениши автордун жекече салымынын далили боло алат.

**5. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын саясий илимине белгилүү деңгээлде салым кошо алат. Изилдөөдө өлкөлөрдүн региондорундагы саясий процесстерге таасир берүүчү социалдык – саясий механизмдердин теориялык негиздери, түшүнүктөрү, маңызы, ролу жана таасири жөнүндөгү ой – пикирлер жана иш тажрыйбасынан келип чыккан

жыйынтыктар саясий илимдер үчүн, социология, философия, тарых жана башка коомдук илимдер үчүн чоң теориялык мааниге ээ.

Диссертацияда ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүдөгү социалдык – саясий механизмдери жөнүндөгү саясий фактологиялык материалдар болочок илимий изилдөөлөрдө, жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китептерин, окуу – усулдук колдонмолорун даярдоодо, окутууда жана тарбиялоодо колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөдөнүн жыйынтыктары диний экстремизмге, терроризмге жана радикалдуу диний фундаментализмге каршы күрөшүүдө жана алардын алдын ала эскертүү иштеринде кеңири пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө шарт түзөт.

**6. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгү жана ынанымдуулук деңгээли.**

Азыркы учурда «ислам фундаментализми» терминин колдонуунун тууралыгы жөнүндөгү маселе боюнча илимий талаш-тартыштар аягына чыга элек. Саясий илимде бул түшүнүктү исламдагы фундаментализмдин пайда болуусунун көйгөйүн саясий өңүттөрдө түздөн-түз көңүл буруута, бир жерге топтоого жол берген мүмкүндүк жана мүмкүн болгон жөнөкөйлүк катары колдонуу максатка ылайык дал келет. Ошол эле учурда төмөнкү айтылгандарды сөзсүз түрдө эске алуу керек.

Кыргыз коомунун жаңылануусундагы карама-каршылыктуу процесс биздин республикадагы саясат менен диндин азыркы алака-катышын аныктайт. Бөтөнчөлүктүү көрүнүштөрдүн тутумдашуусу катары диний фундаментализм өзү да саясий процесске, мамлекеттик бийлик чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөрдүн динамикасына таасирин тийгизет. Диний фундаментализмдин саясий процесске белгилүү бир ирет жана маани-маңыз киргизүүчү, динге ишенүүчүлөрдүн саясий билимдерининин, идеяларынын, концепцияларынын, ынанымдарынын, салттарынын жана баалуулуктарынын, менталитетинин жана жамааттык түшүнүктөрүнүн, ошондой эле саясий иш-аракетинин үлгүлөрүнүн жыйындысы деп айтууга болот. Ислам фундаментализми бир жагынан, жалпы диний саясаттын бир бөлүгү катары, экинчи жагынан, динге ишенүүчүлөрдүн саясий мүнөздөмөлөрүнүн кандайдыр бир синтези катары кароо мүмкүн.

Негизинен ислам динамикалык түрдө өнүккөн диний тутум болуп эсептелет, анын алкагында – традиционализм, консерватизм, радикализм, реформизм, фундаментализм ж.б.у.с. ар кандай диний-саясий багыттарды бөлүп чыгарышкан. Ошол себептен XX кылымдын 70–80-жылдары көптөгөн

илимпоздор ислам динин туткан дайындуу социалдык топтордун диний аң-сезимдеринин түзүлүшүнө жана социалдык-саясий процесстерге бул багыттардын таасир берүүчү талдоосуна өзгөчө көңүл бурушкан. Жогоруда көрсөтүлгөн исламдын диний-саясий багыттары шарттуу болуп эсептелет, бирок ал ушул убакка чейин ислам саясий ой-жүгүртүү тарыхын окуп үйрөнүүдө колдонулуп жаткан методологиялык курал болуп калууда. Ошентип, айрым азыркы саясат таануучулар фундаментализмди анын исламдагы традиционализм, консерватизм жана радикализм менен өз ара байланышын, жаңы мүнөздүү багыттарды эске алуу менен бул түшүнүктөрдү тиешелүү илимий усулдар аркылуу тактап жана аныкташы керек.

Ааламдашуу процессинде түзүлгөн заманбап коомдун өктөм муктаждыгы экстремизмди, терроризмди жана радикалдуу ислам фундаментализмди зомбулуктуу социалдык-саясий өзгөрүүлөрдүн ыкмасына айлантуу менен, алардын пайда болуусуна күчтүү таасир бергендигин жана жигердендиргендигин илимий жактан ар тараптан ынанымдуу аныктоого жетишкендиги менен аныкталат. Ааламдашкан процесстердин таасири астында дүйнө жүзүндө радикалдуу диний фундаментализм, экстремизм жана терроризм жаралат жана калыптанат, алардын капшабынан, бүлүндүрүүчү таасиринен бир дагы мамлекет четте калбайт. Ошону менен бирге эле, экстремизм жана терроризм радикалдуу ислам фундаментализминин саясий зомбулугунун саясий куралы катары чыгат.

Ислам фундаментализми, экстремизм жана терроризм саясий-идеялык негиз катарында сурогаттык, бурмаланган диний-саясий идеяларды, көз караштарды кеңири жана активдүү түрдө колдонулат. Мындай сурогаттык жана бурмаланган диний-саясий идеялар, көз-караштар ислам фундаментализминин, экстремизмдин жана терроризмдин саясий-идеялык булактарын түзөт.

Ислам фундаментализми Борбордук Азиядагы болуп жаткан саясий процесстерге таасир көрсөткөн саясий жана социалдык механизмдерине иликтөө жүргүзүлдү. Ушул механизмдердин саясий процесске көрсөткөн таасирин иликтөөдө ислам фундаментализминин саясий идеяларынын мээлиндүү жана радикалдуу агымдары аныкталды.

Ислам фундаментализминин саясий-диний турмуштагы туруктуу функциялары көрсөтүлдү, алар: идентификациялоо, багыт алуу, жоболоштуруу, ыңгайлашуу, социалдашуу, интеграциялашуу, карым-катыш функциялары. Ушул функцияларды жүзөөгө ашырууда саясий процесстерге механизмдердин тийгизген таасиринин багыттары жандануу жана жаратуу формасында изилденди. Ошондой эле ислам фундаментализминин саясий процесске тийгизген таасирин талдоо учурунда төмөнкү үч топтогу саясий жана социалдык механизмдердин айырмалары байкалды: саясий-идеологиялык, саясий-укуктук жана саясий аксиологиялык.

Ислам фундаментализми, экстремизм жана терроризм менен күрөшүү көйгөйлөрү улуттук жана эл аралык деңгээлде алардын аймактык жана глобалдуу коркунучуна каршы күрөшүү боюнча макулдашылган, көп тараптуу биргелешкен аракеттеринин зарылдыгы талап кылынат.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жарыяланышы.**

Диссертациялык изилдөөнүн айрым баптары, бөлүктөрү, тыянактары жана сунуштамалары Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы сунуштаган кыргыз жана чет чет элдик илимий басылмаларга 2 (эки) монография түрүндө жана 25 илимий макалада, анын ичинде 9 (тогуз) макала – чет өлкөлөрдө жарык көргөн.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Диссертациянын мазмуну автор тарабынан мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдалган авторефераттарда чагылдырылган. Авторефераттар толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттар кыргыз, орус жана англис тилинде түзүлгөн идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө каалоолор:**

–Диссертациянын айрым бөлүмдөрүнүн көлөмдөрүнүндө бир аз диспропорциялар бар (Мисалы: 1-глава 77 барактан туруп 1- бөлүм 24, 2-бөлүм 24, 3-бөлүм 22, тыянак 4баракты камтыйт; 2-глава 87 барактан туруп 1-бөлүм 28, 2-бөлүм 27, 3-бөлүм 24, тыянак 5 баракты камтыйт, 3-глава 76 барактан туруп 1-бөлүм 20, 2-бөлүм 21, 3-бөлүм 25, тыянак 6 баракты камтыйт);

–Диссертацияда айрым учурларда татаалдаштырылган сөздөр колдонулган,

–диссертациялык иште грамматикалык, орфографиялык жана стилистикалык катачылыктар жана техникалык мүнөздөгү мүчүлүштүктөр бар.

–авторефератта колдонулган адабияттарга шилтемелер катар номуру менен эмес аталышы, автору, качан жана кайсы жерден жарык көргөнү толугу менен келтирилип көп оорунду ээлеген.

Көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөр изденүүчүнүн диссертациялык изилдөөсүнүн илимий теориялык жана практикалык деңгээлин төмөндөтпөйт.

Жалпысынан диссертациялык изилдөө актуалдуу, коюлган талаптарга жооп берет. Диссертант тарабынан жогорку баага татыктуу, көлөмдүү иш аткарылган.

**10. Диссертациянын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына туура келиши.**

Мамытов Токтокүчүк Болотбековичтин **"Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдерине политологиялык анализ"** деген темадагы 23.00.02. – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши өз алдынча жазылган жана толугу менен бүткөн изилдөө болуп, "Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун" талаптарына толук жооп берет.

Диссертант Мамытов Токтокүчүк Болотбековичтин 23.00.02. – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын ыйгарууга толук татыктуу

**Саясий илимдеринин доктору** **М.М. Мухтаров**

10.02.2021 года я, Макарова Ирина Алексеевна, частный нотариус Свердловского нотариального округа г. Бишкек Кыргызской Республики, действующая на основании лицензии №612 на право частной нотариальной деятельности, выданной МЮ КР, осуществляющая свою деятельность по адресу: г.Бишкек, пр.Чуй, 147-1А, тел. +996312431126.

Свидетельствую подлинность подписи гражданина Кыргызской Республики **Мухтарова Марса Мухтаровича,** которая сделана в моем присутствии. Личность и дееспособность установлена.

Ст.74 Закона о Нотариате КР «Нотариус не удостоверяет фактов, изложенных в документе, а лишь подтверждает, что подпись сделана определенным лицом» - нотариусом разъяснена.

Зарегистрировано в реестре за № 612-666

Взыскано государственной пошлины 50-00 сом

Нотариус ____________